**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ АВИАЦИИ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

____________________№______ Бишкек ш.
г.Бишкек

**Долбоор**

## "Авиакүйүүчүмай сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдарды сертификациялоо" 23 – Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин бекитүү жөнүндө

2014-жылдын 15-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кээ бир ченемдик ыйгарым укуктарын бир катар мамлекеттик органдарына ыйгаруу жөнүндөгү" №530 токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

1. "Авиакүйүүчүмай сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдарды сертификациялоо" 23 – Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери тиркемеге ылайык расмий жана мамлекеттик тилдерде бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги:

- бул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жана ошондой эле маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, күчүнө киргенден кийин үч күн ичинде жөнөтсүн;
- бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде катталган күнүнөн кийин үч жумушчу күн ичинде "Эркин Тоо" газетасына жарыялансын;
- Бул буйрукту аткарууга алсын.

3. Жарандык авиациянын авиакүйүүчүмаймененкамсыздоочу уюмдары "Авиакүйүүчүмай сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдарды сертификациялоо" 23 – Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин аткарууга алышсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басары – Т.А. Аскаровго жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Караштуу
Жарандык Авиация Мамлекеттик Агенттигинин
Директору _______________А. Настаев «___»______2022 г.

5. Бул буйрук расмий жарыялангандан жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Директор** **А.И. Настаев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Караштуу
Жарандык Авиация Мамлекеттик Агенттигинин
Директору ________________А. Настаев «___»______2022 г.

**"Авиакүйүүчүмай сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдарды сертификациялоо" 23 – Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ МААЛЫМКАТ

## 1. Долбоордун Максаты жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругунун максаты Кыргыз Республикасынын иштеп турган мыйзамдарына шайкештигин камсыздоо максатында ЕАЭБ өлкөлөрүнүн авиакүйүүчүмаймененкамсыздоо жаатындагы тийешелүү талаптарына, укуктук-ченемдик актыларына, Эл аралык аба транспортунун ассоциациясынын (IATA) сунуштарына жана Жарандык авиациянын эл аралык уюмунун (ICAO) сунушталган практикасына жана стандарттарына негизделген толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругунун милдети укуктук деңгээлде авиациялык күйүүчү-майлоочу материалдардын сапатына контрол жургүзүү жаатындагы маселелерди тартипке келтирүү, "Авиакүйүүчүмай сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдарды сертификациялоо" 23 – Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин (мындан ары – Эрежелери) бекитүү болуп эсептелет.

## 2. Баяндама бөлүгү

Бул Эрежелердин долбоорунда ЕАЭБ өлкөлөрүнүн авиакүйүүчүмаймененкамсыздоо жаатындагы тийешелүү талаптарына, укуктук-ченемдик актыларына, Эл аралык аба транспортунун ассоциациясынын (IATA) сунуштарына жана Жарандык авиациянын эл аралык уюмунун (ICAO) сунушталган практикасына жана стандарттарына, мурунку иштетилип турган документтердин материалдарына жана көп жылдык тажрыйбаларга негизделген талаптар камтылган.

Бул Эрежелер Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын авиакүйүүчүмаймененкамсыздоо ишканаларындагы авиациялык күйүүчү-майлоочу материалдардын сапатын контролдоо боюнча иштерди аткаруучу уюмдарды сертификациялоону жургүзүү боюнча жетектөөчү документ болуп эсептелет.

Бул эрежелер толук көлөмдө аба кемелеринин учууларын камсыздоо боюнча жарандык авиация талаптарына жооп берет жана авиаКММ сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдардын баарынын аткаруусуна тийиш.

Эрежелер, авиаКММ сапатына контрол жүргүзүүчү уюмдардын, контрол жүргүзүү үчүн багытталган жабдууларына, курулмаларына жана негизги имараттарына болгон талаптарды, уюмдардын өзүнүн милдеттерин аткаруудагы жана талаптарды сактоо боюнча кайрадан контролдоону аткаруудагы жол-жоболорун жана ошондой эле авиаКММ сапатына контрол жургүзүүнү аткарган уюмдарга таратылган сертификациялык талаптарды камтыйт,

Ишке киргизилген "Автомобилдик жана авиациялык бензинге, дизельдик жана кемелик майга, реактивдүү кыймылдаткычтар үчүн күйүүчү майга жана мазутка болгон талаптар жөнүндөгү" ТР ТС 013/2011 Бажы биримдигинин техникалык регламенти Бажы биримдигинин территориясында жүгүртүүсүндөгү кээ бир көрсөткүчтөрү боюнча авиациялык күйүүчү май сапатынын маселелерин жөнгө салат.

ТР ТС 031/2011, калктын саламаттыгына жана айлана-чөйрөгө авиакүйүүчү майдын сапатынынын таасирин жөнгө салат жана аба кемелер системасына колдонулунуучу авиа күйүүчү май сапаты боюнча талаптарына толук деңгээлде эмес, кайсыл бир бөлүгүндө гана байланыштуу.

Азыркы убакта, ЕАЭБ катышуучу өлкөлөрүнүн практикасына ылайык, КММ лабораторияларында келип түшкөн авиа күйүүчү маймайдын сапатына эки жетектөөчү документтердин талаптарына шайкештигине контрол жүргүзүлөт:

1) ТР ТС 031/2011 каралган калктын саламаттыгына жан айлана-чөйрөгө таасир этүүчү сапаттары боюнча – авиа күйүүчү майдын жүгүртүүдө болгонунда;

2) Ушул Эрежелерде жазылган сапат параметрлери боюнча – аба кемелерине куюу мүмкүндүгүн далилдөө үчүн.

Практика көрсөткөндөй, авиациялык күйүүчү майдын рецептурасын жана өндүрүү технологиясын ар бир алгылыктуу өзгөртүүсүндө авиациялык техниканы эксплуатациялоодо көйгөйлөр жаралат. Бул, учактардын жердеги жана жука тазалоочу фильтрлеринин мөөнөттөн мурунку тыгылууларына, кыймылдаткычтардын камераларынын күйүп кетүүсүнө жана күйүүчү май аппаратураларынын жогорку жешилүүсүнө, авиациялык күйүүчү майлардын жогорку электрленишинен май куюлуучу көлөмдөрдү толтуруу учурларындагы өрттөргө жана адам курмандыктарына алып келүү учурлары.

АКне май куюуда жана май куюуга даярдоо процесстеринде, транспортациялоодо, сапатын текшерүүдө, сактоодо жана ошондой эле

атайын жана майлоочу суюктуктарды, майларды, авиациялык күйүүчү майларды өндүрүү процесстериндеги жана авиациялык техникаларды эксплуатациялоо тажрыйбаларын топтоо жана ишке ашыруу процесстеринде, авиаКММ ассортиментинин жана химиялык курамынын сапатынын, башкаруу агрегаттарына, АКнин май, гидросистемасына, май тетиктерине жана агрегаттарынын ресурсуна, ишенимдүүлүгүнө жана сапатына болгон чоң таасири изилденген жана белгиленген.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттерди болжолдоо**

Бул буйрук долбоорун кабыл алуу мүмкүн болуучу укуктук, укук коргоочулук, социалдык, экономикалык, экологиялык, гендердик жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

Бул долбоор алдын-ала баардык авиакүйүүчүмаймененкамсыздочу уюмдар менен макулдашылган жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына коомдук талкуу үчүн жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоорду ишке ашыруу мамлекеттик бюджеттен кошумча каржылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт себеби ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган эмес.

**Директор** **А. Настаев**